**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXIII–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 19 -май айы №114**

**Мамлекеттик менчик объекттерин муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 28-апрелиндеги №01-13/1684 кайрылуусунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаарынын Ак-Өлөң калктуу конушунун түштүк тарабында жайгашкан, "Бурулуш" участогундагы, жалпы аянты 4,83 га жер тилкесин, заманбап канаттуулар фабрикасын куруу максатында, мамлекеттик менчик жер тилкесин, Балыкчы шаарынын муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   -аталган обьектини муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1